- Жалпы чогулуш МККБ жетекчи органдары аркылуу МККБ башкарууга катышууга;
- МККБ иш-аракети тууралуу маалыматты МККБ жобосунда аныкталган тартипте алууга;
- МККБ жетекчи органдарына шайланууга жана шайлоого катышууга;
- МККБ дан социалдык-экономикалык жардам, ошондой эле өз кызыкчылыктарын коргоодо жардам алууга;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдары, ушул Устав жана МККБ жоболору берген башка укуктарды жүзөгө ашырууга.

4.2. МККБ мүчөлөрү өз иш-аракетинде төмөнкүлөргө милдеттүү:

- Ушул Уставдын жана МККБ жоболорунун талаптарын аткарууга;
- МККБ өз иш-аракетинин максаттарын жана предметин ийгиликтүү ишке ашыруу аракетине бардык жактан көмөктөшүүгө;
- МККБ жетекчи органдарынын чечимдерин аткарууга;
- МККБга тиешелүү бардык милдеттерди аткарууга;

## V. КАРАЖАТТАРЫ ЖАНА ФИНАНСЫЛЫК-ЧАРБАЧЫЛЫК ИШ-АРАКЕТИ

5.1. МККБ каражаттары обочолонгон мүлк түрүндө төмөнкүлөрдүн эсебинен түзүлөт:

- МККБ жоболору аныктаган өлчөмдө жана тартипте төлөнчү кирүү жана мүчөлүк төгүмдөрдөн;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарындары аныктаган тартипте Кыргыз Республикасынын жана башка өлкөлөрдүн юридикалык жана жеке жактарынын чегерүүлөрүнөн, ыктыярдуу төгүмдөрүнөн, акча берүүлөрүнөн;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарындарына, ушул Уставка жана МККБ жоболоруна каршы келбеген МККБ жүргүзгөн иш-аракеттен алган кирешелерден (анын ичинде басма иш-аракети, изилдөөлөрдү жарыялоо, лекцияларды окуу, семинарларды, симпозиумдарды жана конференцияларды ж.б. өткөрүү);
- МККБ иш-аракетинин максаттарын жана предметин аткарууга багышталган гранттар, кредиттер жана башка кыймылдуу жана кыймылсыз мүлк түрүндө чет өлкөлүк юридикалык жана жеке жактардан түшкөн каражаттардан;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарындары, ушул Устав жана МККБ жоболору аныктаган тартипте МККБ балансына юридикалык жактардын балансынан, алардын менчигинин түрүнө карабай өткөрүп берилген кыймылдуу жана кыймылсыз мүлктөн;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарындары тыюу салбаган жана ушул Уставга жана МККБ жоболоруна каршы келбеген башка булактардан.

5.2. МККБ Кыргыз Республикасынын мыйзамдары аныктаган тартипте эсепке алууну жана отчеттукту жүргүзөт.

5.3. МККБ өз каражаттарын өзүнүн иш-аракетинин максаттары жана предметине ылайык,ошондой эле демөөрчүлөрдүн жоболоруна ылайык, бирок Кыргыз Республикасынын мыйзамдары тыюу салбаган жана ушул Уставга жана МККБ жоболоруна каршы келтирбей чыгашалайт. МККБ каражаттарын чыгашалоону контролдоону ыйгарым укуктуу органдар, МККБ Башкармалыгы жана Ревизор жүргүзүшөт.

## VI. ТҮЗҮМҮ, ЖЕТЕКЧИ ОРГАНДАРЫ